**Мектептеги усулдук бирикменин милдеттери**

1.Педагогигалык профсоюздун өсүшүн камсыздоо
2.Билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын аткарылышына сапаттык анализ .
3.Предметтик окутууну үйрөнүү жана анализдөө
4. Окуу планындагы өзгөртүүлөрдү усулдук бирикмеде талкуулоо: өзгөртүүлөргө жараша календардлык план, кайтарма тесттер
5.Дем берүүчү эмгек акыга карата мугалимдерди баалоо
6.Андагы иш тажрыйба боюнча иштерди жүргүзүү

**Усулдук бирикменин ишин уюштуруу**

1. Усулдук бирикмени талдоо
2.Жетекчисин дайындоо

1.Усулдук бирикменин жетекчиси 2 жол менен тандалат.
А) Усулдук бирикменин мүчөлөрү
Б) Завуч тарабынан
Усулдук бирикменин жетекчиси ар бир айда чогулуш өткөрөт, жыл ичинде 7 жолу.

**Усулдук бирикменин иш кагаздары**

1.Усулдук бирикменин окуу жылына түзүлгөниш планы жылдык, айлык, чейректик
2.Усулдук бирикменин журналы, чогулуштарынын протоколу
3.Протоколдо усулдук бирикмеде каралган маселе, кабыл алынган чечимдер жана мугалимдер тарабынан берилген сунуштар.
4.Усулдук бирикменин жүргүзгөн ишине анализ: түзүлгөн иш план боюнча жылдын акырында ОББга тапшырат.
5.Усулдук бирикменин мүчөлөрүн баалоо

**Усулдук бирикменин жетекчисинин аткаруучу иштери**

Усулдук бирикме ар бир мүчөлөрүнүн ишин анализдөө
1.Усулдук бирикменин багытын аныктайт.
а) Ким ачык саат өтөт
б) Ким класстан тышкары иш өтөт
в) Предметтик иш чаралар
2. Нормативдик документтерди өз учурунда окуп үйрөнүүгө шарт түзөт.
3. Билим берүү мамлекеттик стандартына ылайык окуучунун өздөштүүрү деңгээлине жараша иштерди жүргүзөт.
4. Алдыңкы мугалимдерди сыйлоо жөнүндө педкеңеште сунуш берет.

Жалпы башталгыч билим берүүдө мугалимдин ишинин үзүрү окуучулардын ортоңку звеного барган учурунда тоскоолдуксуз билим алуусу, башталгыч класстан алган билим сапатынын көрсөткүчүнүн төмөндөп кетпегендиги ишине болгон жоопкерчилигинин мыктылыгы депбелгилөөгө болот.

Билим сапатттын төмөн эмес жогорку көрсөткүчү ар бир эле мугалимдин ишине болгон талапкөйлүгү, жигердүүлүгү экендигинин

белгиси.Мектептеги бардык тузүлгөн ыңгайлуу шарттар дагы билим берүүнүн сапатын ар качан бийик болууга шарт түзөт.

Билим берүүнүн диаграммасына байкоо салган учурда да билим сапаттын көрсөткучү бир аз болсо да жогорулоону камтыган.

Билим Берүүнүн мыйзам талаптарын толук деңгээлде аткарууда ар бир мугалим өзүнүн жекече маалыматтарында да ыңгайлуу шарттын толук бар экендигин баса белгилешет.

Мектептин окуу планынын аткарылышына сөзсүз түрдө башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин орду бар .Ошондуктан ар бир учурда кадр маселеси мектеп жетекчилиги тарабынан көзөмөлгө алынып текшерилип, толукталып турат.

Жылдык түзүлгөн пландын негизинде аткарылган иштер тууралуу ар бир убакытта отурум уюштурулуп маалыматтар ортого салынат. Ар бир иштин айкындуулугу айтылып сын-пикирлер каралат. Эскертүүлөр убагында берилүү менен мугалимдердин ишке болгон жоопкерчилиги каралып турат.”Үйрөтүп жатып үйрөнөм”-бул сөз иш билги мугалимдин негизги урааны болгодуктан ар бир мугалимдин билимдеринин убагында атайын курстардан өтүп, билимдеринин жогорулатып турушу да билим берүү жаатында жарытарлык ийгиликтердин ачкычы экендигин айтпасак болбос. Андыктан ар бир мугалим ар кандай долбоорлордогу курстарды окуу менен өздөрүнүн тажрыйбаларын байытып турушат.